**С.С.Усубалиев атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында мектепте окуу тарбия иштери боюнча иштелген иштердин Анализи.**

Мектепте 2020-2021-окуу жылындагы түзүлгөн иш пландардагы иштер аткарылды.

Мектептин проблемасы: Башталгыч класстардын билим сапатын жогорулатуу менен окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоо.

Мектептин миссиясы: Мектеп башталгыч класстардын билим сапатын карап терең окутуу менен ,айылдын өзгөчөлүгүн эске алуу менен үзгүлтүксүз башталгыч негизги билим берүүнү камсыз кылат.

Мектеп ата-энелер жана жергиликтүү коомчулук менен тыгыз байланышта болуп,инсанды коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгында окутууну жана тарбияны жүргүзүү.

Ден соолукту сактоону камсыз кылат жана инсандын ар тараптан өнүгүүсүнө шарттардытүзүүнүн үстүндө иш жүрдү.

Өтүлбөй калган сабактар болгон жок. Окуучуларга билим берип жыл башында 14, жыл аягында 14 мугалим эмгектенди. 11 мугалим жогорку билимдүү, 2 мугалим атайын орто, 1 мугалим сырттан окуп, бүтүп жатат, пенсия курагындагы мугалимдер 3.

Башкы багытыбыз КР татыктуу атуулдарын тарбиялоонун үстүндө иш жүргүздүк. Окуучуларды комплектөө, учетун тактоо, 480 саат жана 1-класска окуучуларды кабыл алуу жана алардын окуусуна, тарбиялануусуна шарт түзүлдү. Мектеп китепканасы окуу китептери жана методикалык китептер менен камсыз болду. Окуучулар окуу китептер менен камсыз болушту. Жетпеген китептер да болду.

Мугалимдер өз убагында медициналык кароодон өтүштү.

Мектептин 2021-2022-окуу жылынын иш пландары бекитилип, иш план боюнча иш жүргүзүлдү.

Окуу жылы 15-сентябрдан башталды. 1-4-класстардын окуучуларына тамактануу уюштурулуп, мамлекет тарабынан бөлүштүрүлгөн каражат менен тамак берилип турду. Окуучулар медициналык кароодон өтүштү.

Эң жакшы жана начар окуган окуучулар, сабакка начар келген балдар, тартиби начар окуучулар менен иш жүргүзүлүп турулду. Ар бир чейректин жыйынтык отчеттору, окуучулардын кыймылы тууралууж.б. отчеттор РБББнө өз убагында берилип турду.

Жол кыймылынын коопсуздугу боюнча түшүндүрүү иштери жана «көңүл бургула балдар» темасында иш чаралар өтүлдү.

Мамлекеттик тил күнүнүн 10 күндүгү уюштурулуп кыргыз тилчи мугалимдер ачык сааттарды жана класстан тышкаркы иш чараларды өтүштү.

Мектепте эки ийрим бар: «Көркөм өнөр», «Жоогазын».

Педагогикалык жана директор алдындагы кеңешмелер өз убагындаөткөрүлүп турулду. Педагогикалык жаамат менен иш алып барылды. Мугалимдердин сабактарына катышып методикалык жардам берилип турду. Ички көзөмөлдөө иштери жүргүзүлүп анализделип турулду.

AnyScanner

Окуучулар мектепте өткөн жана райондо болгон олимпиадаларга катышышты.

Жаны жыл азыркы кырдаалдын талабына ылайык иштер уюштурулуп, өткөрүлдү. Нооруз майрамы да окутуу тарбиялоо процессиндеги улуттун каада салттарына, үрп адатына, кыргыз элинин маданиятына жана руханий улуу байлыктарына таянып, онлайн режимде жана азыркы кырдаалдын талабына ылайык иштер уюштурулуп, программадагы улуттук каада салтты чагылдырган майрам өттү. Окуучулардын таланттарына ата-энелер жана айыл тургундары ыраазы болуп, ыраачылык билдиришти. Мамлекеттик тил карылар күнү, мугалимдер күнү, балдардын жол эрежесин сактоосун алдын алуу боюнча бир айлыктар онлайн режимде болуп, класстык сааттар, класстан тышкаркы иштер да онлайн режимде өтүлүп жатты. «Мек Кыргызстандык экендигиме сыймыктанам» конкурсуна Сейтмазанова М 7-класс, Кадырбекова А 3-класс тын окуучулары катышып, мактоо грамотасын алып келишти..

Мектепте декадалар өз убагында график менен өтүлүп, ар бир предметтик мугалимдер окуучулар менен активдүү катышып, ачык сабак, класстан тышкаркы иш чараларды уюштурушту. Мамлекеттик тил күнүнө карата төмөндөгүдөй иш чаралар өткөрүлдү. 20-сентябрда 7-8-9-10-класстарга мектептин ТИ завучу Рысбек к Г «Элдин өмүрү анын тилинде» деген темада диспут өткөрдү. 1-4-класстарда 21-сентябрда «Эне тилим – эне сүтүм» деген темада тарбиялык сааттарды өтүштү.

Андан кийин 5-6-7-8-9-10-класстарда 16.09-22.09.2021-жылы «Мамлекеттик тилдин келечеги – жаштарда» деген темада рефераттар, дилбаяндар, эсселер жаздырылды. Ошондой эле «Тил коомдук турмушта» деген темада иарбиялык сааттарды 5-10-класстарда 21.09.2021-жылы класс жетекчилер өткөрүштү.

22-сентябрда 1-10-класстарда «Тилим менин дилим» деген темада жалпы мектептик иш чара өткөрүлүп, 23.09.2021-жылы кыргыз тилчи М.А. Агаветова жана ТИ завуч Рысбек к Г иш чара өтүштү. 15.10.2021-жылы Мамлекеттик тил бир айлыгы жыйынтыкталды.

Октябрь айында иш пландын негизинде Тил илимдер УБ кыргыз тилчи Агаветова М.А. баштады. Ал 5-класска «Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү» деген темада ачык саат өттү. Ошондой эле окуучулар кыргыз элинин оозеки чыгармалары «Кыргыз тили канатым», «Мен кыргызмын» жана «Кыргыз тилди кылым карыткан» деген темада дилбаян жазышып, дубал газеталар чыгарылып, Агаветова М.А Айдарбеков Э.У класстан тышкаркы «Тил байлыгы – эл байлыгы» деген темада иш чара өткөрүлдү. Кыргыз адабияты сабагынан Айдарбеков Э.У 6-класска «Койчунун арманы» деген темада ачык саат өттү. Бул декадага башталгыч класстар да катышып ачык сабактарын өтүштү. Айтсак, Кадырова Э.Ч 3-класска «Мээримдүү канаттуулар», Атагасиева Т.К 4-класска «Жалаң жана жайылма сүйлөм», Кокталова К.Р 2-класска «Кыска жана созулма үндүүлөр» деген темаларда ачык сабактарын өтүштү.

AnyScanner

Андан кийин ноябр айында Тил илимдер УБнен Орус тили жана адабияты, англис тили сабактарынан декада болуп өттү. 5-класска Абакирова Ы.Ш «Publik holidays in Kyrgyzstan» деген темада ачык саатын өттү. Сариева А.С «Едем в Москву№, Сагынбек к Э «»Какой? Какая? Какое?» деген темаларда 3-6-класстарда ачык сабактарты өтүштү. Англис тилинен Абакирова Ы, Рысбек к Г «Майрамдык концерт» иш чарасын тартуулашты. Орус тили жана адабияты сабактарынан «Русский язык – язык мира и дружбы» темасында иш чараларын өткөрүштү. Иш чарага 1-10-окуучулары катышып, кызыктуу шаңдуу болду.

Февраль айында Коомдук социалдык цикл Тарых, адам\коом, география, ыр, технология сабактарынан декада өтүлдү. Тарых сабагынан Усубалиева А.М 10-класска «Улуу кыргыз дөөлөтү» деген темада, 5-класска адам жана коом сабагынан «Укук бузу жана жоопкерчилик» деген темаларда ачык сабактпарын өттү. Суван к А «А.Керимбаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы» темасында 6-класска ачык сабак өттү. Усубалиева А жана Суван к А декаданы жыйынтыктап «Кыргыздардын улуттук кол өнөрчүлүгү жана тарыхы» деген темада 5-10-класстарпдын катышуусунда класстан тышкаркы иш чарасын өтүштү.

График боюнча март айында Табигый-математикалык цикл математика, химия, биология, физика, астрономия, ОИВТ сабактарынан декада өтүлдү. Сокубашева К.О 7-класска алгебра сабагынан « Ыктымалдуулуктар теориясына киришүү», 8-класска физика сабагынан «Реостаттар» деген темаларда ачык саба өттү. Осмоналиева Т.А 7-класска биология сабагынан 7-класска « Кайталоо сабагы» ачык сабагын өттү. Информатика сабагы боюнча Рысбек к Г 5-класска « Компьютер» деген темада ачык сабак өттү.

Андан кийин апрель айында башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин декадасы болду.

Май айында Дене тарбия, АЧД боюнча декада өткөрүлдү. Дене тарбия мугалими айдарбеков Э.У 5-10-класстарга «Катарга тизүү» боюнча, дене тарбия боюнча ачык сааттарын көрсөтүп бере алды. Ошондой эле жалпы мектептик иш чарасында окуучуларга фудбол боюнча мелдеш уюштурулуп, жеңүүчүлөр такталды.

1-декабрь СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, дубал газеталар чыгарылды.

Мектептин соц педагогу тарабынан сабакка катышпаган , көп кечиккен окуучулар менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Патриоттуулукка тарбиялоо максатында мекен сакчыларынын күнүнө арналган « Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген темада 7-10- класстарда «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген темада ачык тарбиялык класстан тышкаркы иш чара өткөрүлдү.

8-март Аялдардын эл аралык күнүнө карата уюштуруучу Рысбек к Г 1-10-класстын окуучуларыны катышуусунда чакан концерттик майрам тартуулагты.

Мектепте «Жылдын мыкты мугалими – 2022» кароо сынагы болуп өттү. Сынакка мектепте иштеген өз каалоосу менен каалаган мугалимдер катыша алат. Ар бир катышуучулардын интеллектуалдык деңгээлине , өнөрүнө, чыгармачылыгына , мугалимдик имиджин сактай билүүсүнө жараша баа берилди. Сынакка 4 мугалим: Атагасиева Т.К, Сариева А, Сулайманова Э.А, Сагынбек к Э катышты. Сынак 3 этаптан өттү. Мугалимдер ачык сааттарын, ачык класстые саатарын, өз өнөрлөрүн көрсөтүп беришти. Биринчи орунга Атагасиева Т.К, Сагынбек к Э, экинчи орунга Сариева А, Сулайманова Э. алган упаларынын негизинде ээ болушту. Калыстар тобу өз чечимдерин айтып, белектерин тапшырышты.

Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 77 жылдыгына арналган "Ошол улуу жылдарга таазим кылабыз" иш чарасына атайын план бекитилип, "Ошол улуу жылдарга таазим кылабыз" деген темада жалпы мектептик иш-чара болуп өттү. Иш-чарада тарых мугалими Усубалиева А.М. тарых барактарын кыскача баяндап өттү, 9-класстын окуучусу Аскат уулу Адахан Майсалбектин катын көркөм окууду, 7-класстын кыздары "Катюша" ырына бийлешти. Мындан тышкары ар бир класс дубал газеталарды чыгарышты, 1-7-класстар "Жеңиш күнү" деген темада сүрөт тартышты жана ар бир класс жетекчи 9-май Улуу Жеңиш күнүнө карата класстын сааттарды өтүштү.

Мектебибизде 10-17-майда Энелер мектеби боюнча "Мыкты сабак даярдоочу бөлмө" конкурсу өткөрүлүп, жеңичүүлөр аныкталды. Конкурска 9 катышуучу катышып, атайын комиссия шайланды. Комииссиянын курамына уюштуруучу Рысбек к Г, камкорчу кеңешинин төрайымы Боржиева М.Н. 3-класстын ата-энеси Джунушалиева Ж.А. кирищти. 17-майда комиссиялар үймө-үй кыдырышып, жеңичүүлөрдү аныкташты. 1-орунга 7-класстын окуучусу Джумабаева Айтолкун, 2-орунга 3-класстын окуучуусу Рысбеков Умар, 3-орунга 1-класстын окуучусу Кадырбекова Назик, 3-класстын окуучусу Анархаев Эльхан, 5-класстын окуучусу Рысбеков Баяман, 4-орунга 10-класстын окуучусу Максатова Назик ээ болушту. Жеңичүүлөрдү аныктоодо бөлмөнүн тазалыгы, окуу китептеринин толуктугу, энциклопедия, адабият китептеринин бар болушу, жаш курагына ылайык китептердин болушу, өз алдынча даярдануу багыттары, расписаниенин илинип турушу, телевизор, магнитафон, лампа, компьютердин болушу сыяктуу критерийлер эске алынды. Мектепте 1-орунга ээ болгон Джумабаева Айтолкун район аралык "Мыкты сабак даярдоочу бөлмө" конкурсунда 2-орунга ээ болду.

1-июнь балдарды коргоо күнүнө карата атайын план бекитилип, "Алтын балалык" темасында оюн зоок программасы уюштурулду. Оюн –зоок программасында "Келгиле катаны табабыз" "Ырыс алды- ынтымак " жомогун толуктоо, табышмактарды табуу жана "Алтын балалык " темасында сүрөт тартуу сыяктуу оюндар уюштурулду. Мектептин ата-энелери башталгыч класстын окуучуларына бирден шоколад таратышты жана Ак-Суу айыл өкмөтүнөн бекер балмуздак таратылды.

9-июнь Акыркы коңгуроо аземине карата атайын план түзүлдү, салтанаттуу линейкага ардагер мугалимдер, Ак-Суу айыл өкмөтүнүн өкүлү чакырылды. Акыркы коңгуроо аземи жагымдуу ыр, бийлер менен коштолуп, отличниктер жана "Мыкты сабак даярдоочу бөлмө" конкусунун жеңичүүлөрү грамота менен сыйланышты.

Окуучулардын жайкы эс алуусунда коопсуздугу жана сууга түшүү эрежелери боюнча класс жетекчилер түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү жана класстык сааттарды өтүштү. 7-июнда жалпы ата-энелер чогулушу болуп, балдарды жайкы эс алуусу боюнча маселе каралды. Чогулушта окуучуларды талаа иштерине жибербөө жана окуучулардын коопсуздугу боюнча айтылды. Экобилим боюнча 7-класстын 4 окуучусу Токмокко лагерге барышат.

Мектептин президенти окуучулар тарабынан шайланып, Достук балдар уюму балдар менен иш жүргүзүштү. Окуучулар менен балдардын тыгыз байланыштыгы, кызматташты балдардын өзүн –өзү өнүктүрүүсүнө жана калыптануусуна жагымдуу шартты түзөт.

Мектеп айланасы, жолдун бою тазаланып, бактар акталды. Мектептин айланасына гүлдөр жана «Бир окуучу бир көчөт» акциясына катышып ар бир окуучу бирден көчөт отургузушту.

2021-2022-окуу жылында 9-класста 10 окуучу бүтүрүп жатат. Алардын ичинен 1 окуучу Акматова Т.А эң жакшы деген баалар жана жетишкендик менен аяктап жатат.

Өрт коопсуздугу боюнча, коопсуздук эрежелер боюнча иштер окуучулар жана мугалимдер жана кызматчылар түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Мектеп текущий ремонттон өттү, мектептин ичи сырты акталып, сырдалып, ар бир класс кабинеттердин ичи, панель, парта, стулдары сырдалып акталды.

2021-2022-жылдын ремонтуна Ак-Суу а\ө 9130сом жана Республикалык бюджеттен 7180 сомго актап сырдоочу , текущий ремонтко керектеле турган материалдар берилди. Мектеп жаңы окуу жылына ремонттон өттү. 2022-2023-окуу жылына даяр.

Жаңы 2022-2023-окуу жылына карата даярдык көрүп, пландаштырып, ремонт иштерине ишке киришкени жатабыз.

Мектеп директору: Осмоналиева Т.А.


ПК төрайымы: Кокталова К.Р

AnyScanner


## С.С.Усубалиев атындагы ЖОББ мектебиндеги 5 жылдык билим сапатынын жыйынтыгы

| 2017\2018-окуу жылы | 2018\2019-окуу жылы | 2019\2020-окуу жылы | 2020\2021-окуу жылы | 2021\2022-окуу жылы |
|---|---|---|---|---|
| 35% | 38 | 35% | 38% | 39% |


### БИЛИМ САПАТЫ




2021\2022-окуу жылында мектепте окуучулардын жетишүү мониторинги





2020\2021-окуу жылында мектепте окуучулардын жетишүү мониторинги





AnyScanner

2019\2020-окуу жылында мектепте окуучулардын жетишүү мониторинги




2018\2019-окуу жылында мектепте окуучулардын жетишүү мониторинги




2017\2018-окуу жылында мектепте окуучулардын жетишүү мониторинги

